# Несимиде Ахли- байт сүйүүсү

**Doç. Dr. Mustafa Ünver**[1]
**Ondokuz Mayıs Üniversitesi İlahiyat Fakültesi/TÜRKİYE**

Cân u dilden Mustafâ vü Murtazâ meddâhıyım
Hem bu oniki imâma söylerim medh u senâ[2]

**Аннотация**

14-15 –кылымдарда жашаган диван акыны Сайид Имамеддин Несими, Хуруфийлик багытынын үгүттөөчүсү болгон. Бул акын таланттуу акындык өнөрү менен бирге улуу Куран акыны да болуп эсептелген. Сайид Несими жөнүндө түз айтылганда ар бир арип жана сандардан маани чыгарууга белсенгендердин алдыңкыларынан болуу менен кошо бул багыттын үгүттөөчүсү катары билинген. Анын бул өзгөчөлүгүн эске алганда ырлары аркылуу ислам доктринасынын батыний (ар бир сөз сүйлөмдүн ишаарат кылган түпкү мазмунуна маани берүү багыты) тармагында экендиги байкалат. Бул айтылгандарга карата бул макалада улуу түрк акыны Несиминин диваны (ыр жыйнагы) жалпысынан баштан аягына дейре анализделүү менен анын «Ахли-байтка» карата көз карашы чагылдырылганга аракет жасалат.

Ачкыч сөздөр: Несими, Хуруфийлик, Ахли байт, Батынийлик.

## Киришүү

Аз.Мухаммеддин (с.а.в.) Ахли-байтинин фазилеттүүлүгү жана улуулугу жөнүндө баян кылган аяттарды Куранда түздөн түз же кыйыр түрдө жолуктурууга болот.3 Айрыкча Аз. Пайгамбарга таандык деп айтылган бир топ хадистерде да Ахли-байт сүйүүсүн алып жүрүү буюрулган; бул сүйүү, Аз.Пайгамбарга арналган сүйүүнүн зарылдыгы ирээтинде каралган.

Айтылган маселенин уландысы катарында биздин маданият жана үрп адаттарыбызда, элибиздин терең түшүнүктөрүндө Ахли-байт сүйүүсү дайыма тирүү экендигин көрө алабыз. Салттык ислам укугу боюнча Ахли-байтка караштуу болгондорго мамлекет тарабынан зекет, садакага муктаж болбостугу үчүн казынадан үлүш берилип, ар намаздан кийин Ахли-байтка арнап дуа кылынышы, кээ бир убактарда ахли-байтка караштууларга өзгөчө бир кийим кийгизилиши, бул сый урматты накиибул-эшраф ысымы берилген уюм аркылуу расмийлештирүү аракеттери сыяктуу жөрөлгөлөрдү эске

[1] Бул эмгек, 17-19-Июнь 2005-жылы Анкарада болуп өткөн «Уллутар аралык Сейид Несими» симпозиюмда сунулган макалынын кайрадан каралып чыккан нускасы.
[2] Seyyid İmâdeddîn Nesîmî, **Nesîmî Divanı,** haz. Hüseyin Ayan, Ankara 1990, Gazeller 6, Beyt: 7, s. 76.
[3] Bkz. Kur'an, Al-i İmran, 3/61; Ahzab, 33/6, 28-34, 53.

алууга болот. Айрыкча түрк инсанынын балдарына Ахмад, Мехмед, Али, Фатма, Хасан жана Нусейин ысымдарын беришинин артында Ахли-байтка болон сүйүү сагынычтарынын бар экендиги айкын болуп турат.[4]

Бул эмгекте белгилүү диван акыны жана ошондой эле Хуруфийлик агымынын жайылуусунда деги эле анын куруучусу болгон Фадлуллах Эстеребадиден да эмгеги көп сиңген идеолог-акын Сейид Несиминин диваны толугу менен изилденип Ахли-байт мотифи кандай каралганын ортого чыгарууга аракет жасалат. Шексиз күмөнсүз Несиминин Алевилер тарабынан сүйүлгөн жети акын арасында жер алышы анын Ахли-байтка болгон сүйүүсү натыйжасында экендигин айтуу мүмкүн. Бул билдирүүдө системалык жана илимий бүтүндүк форма менен анын Ахли-байт фигурасыны, бул теманы өзүнүн жеке түшүнүгүндө кайсы жерге койгондугун, ар дайым ээ болгон ыймандуулук, кайрымдуулук, адамгерчиликтүүлүк, тайманбастык мүнөзүн усталыгы талашсыз болгон акындык таланты менен кандай жуурулуштурганын ачып берүү аракети жасалат.

Несиминин Ахли-байт менен болгон байланышына өтөөрдөн мурда анын өмүр баяны жана турмуштагы күрөшүү аракеттери тууралуу учкай кеп салууну туура таптык:

Несиминин өмүр баяны жана жашоодогу күрөшү

Улуу түрк акыны Несими, бир гана адабият тарыхында эмес диндер тарыхы тармагында да өтө белгилүү зат болуп саналат. Тилекке каршы М.Ф.Көпрүзааденин айтканы сыяктуу анын өмүрү чыгармачылыгы жеткиликтүү изилденбей, ал жөнүндө жок дегенде бир монография да азылган эмес. Ал эми батыштын болсун чыгыштын болсун көптөгөн билермандары ал жөнүндө жүйөлүү себептер аркылуу сөз кылышкан.[5] Белгилүү болгондой эле 9-кылымдан кийин түрктөр Ислам динин топ топ болуп массалык түрдө кабыл ала баштаган. Түрктөрдүн бул динди жайылтуусуна көчкүн болгон дервиштер да кошулушуп Исламды жөнөкөй сезимдери аркылуу дилдеринде жаралган ырлары менен таратуу аракетин жасашкан. Мындай дервиштер бир жагынан караганда алгачкы Түрк тасаввуфунун (мистикасынын) пайдубалын түптөй баштаган. Ар бир малдын кардары болгондой эле фанаттык мааниде болгон Хуруфийлик агымынан таасирленген, анын мүчөлөрү арасында болгон Түрк акындары да чыккан. Айтор Хыфзы Тевфиктин айтканындай көптөгөн Түрк акын адабиятчыларынын бул агымдан таасирлениши бул агымдын түшүнүк доктринасынан эмес, андагы сөз жана тамга оюндарында ыңгайлуу болгондугу негизги маселе ирээтинде каралышы керек.[6] Хуруфийлик агымынан таасирленген белгилүү Түрк акындарынын башында Несими

[4] Örneğin bkz. Ahmed b. Hanbel, **Müsned,** V, 181; Müslim, **Sahîh,** Fedâilü's-Sahâbe, 36; Buhari, **Sahîh,** Tefsîr, 33/8.

[5] Ehl-i Beytin kapsam ve önemi hakkında daha geniş bilgi için bkz. Mustafa Öz, **"Ehl-i Beyt" Md.,** DİA., c. X, s. 498-501.

[6] Gönensay, Hıfzı Tevfik, N. Sami Banarlı, **Türk Edebiyatı Tarihi,** III. Bsk., İst. 1943, Remzi Kitabevi, s.93.

болуп, Рефии, Абдулмежит бин Ферište, Мухитий, Усулий ылакаптуу Йенижевардалы Хайрати, Юсуф-Сине-Чаак, Аршии, Мисаали ( Гүл баба), Рухи Багдади, Йемини, Мухйиддин Абдал, Шах-Ханаан, Вахдети, Пенахи жана Хабиби сыяктуу көптөгөн ысымдарды атоого мүмкүн.[7]

Биз сөз кылган акыныбыздын толук ысмы Сайид Умар Имамеддин Несими[8], «Несими» ысмы анын ыр жазганда колдонгон ылакабы болуп эсептелет. Латифинин оюу боюнча ал Багдатка жакын болгон «Несим» айылынан болгондуктан ушул ысым менен аталып калган.[9] Муну менен эле бирге анын « Атымды Хактан Несими жазамын» сөзүнө караганда ага бул ысым устаты Фадлуллах тарабынан берилиши да мүмкүн.[10]

Несиминин төрөлгөн тарыхый датасы анык билинбегендиктен 14-кылымдын акыркы чейрегинде 15- кылымдын алгачкы жылдары жашагандыгы так билинип келет.[11] Анын кайсыл жерде төрөлгөндүгү туурасында төмөнкү маалыматтар бар:

А) Багдатка жакын Несим деген айылда төрөлгөн.[12]
Б) Ирак элинен.[13]
В) Диярбакырдык.[14]
Г) Тебриздик.[15]
Д) Шираздык.[16]
Э) Ниссибиндик.[17]
К) Несимдин Багдатка мес анын жакынындагы Халепке караштуу экендиги көз карашы боюнча ал Халептик.[18]

Осмон падышаларынан Мурат доорунда жашаганы белгилүү болгон Несиминин туулган жери анык болбогондой эле анын туулган жылы туурасында да так маалымат жок. Бирок ага 788-1385 Хуруфийликтин

[7] Bkz. Muhtar, Cemal, **"Hurûfî Türk Şâirleri"**, MÜİFD. S.IV, 1986, s.225-226 ; Ertaylan, İsmail Hikmet,**Hurûfî Edebiyatı Örnekleri I. Gencnâmei Refî'î**, İst. 1946, İstanbul Üniversitesi Yayınları, s. 1.
[8] Bkz. Bursalı, Mehmet Tahir Bey, **Osmanlı Müellifleri,** İst. 1972, Meral Yayınları, c.II, s. 245.
[9] Lâtîfî, **Tezkiratü'ş-Şuarâ,** Türk Tarih Kurumu Ktb., (yazmalar bölümü) No. Y/108, s. 135 ; Şemseddin Sami, **Kâmûsu'l-A'lâm,** İst. 1316, Mihran Matbaası, c.VI, s. 4576.
[10] Lâtîfî, **Tezkiratü'ş-Şuarâ,** Türk Tarih Kurumu Ktb., (yazmalar bölümü) No. Y/108, s. 135 ; Şemseddin Sami, **Kâmûsu'l-A'lâm,** İst. 1316, Mihran Matbaası, c.VI, s. 4576.
[11] Cânib, Ali, **"Seyyid Nesîmî ve Tuyuğları"**, Güneş Mecmuası, 1927, S. 7, s. 12 ; Kürkçüoğlu, **Nesîmî Dîvanı'ndan Seçmeler,** I.
[12] Lâtîfî, **Tezkire,** 134 ; Azzâvî, Abbâs, **Târîhu'l-Irâk beyne İhtilâleyn,** I. Bsk., Bağdad 1936-1939, Matbaatü't-Tüfeyd el-Eliyye, c. III, s. 47 ; Hammer, B.J.V. Purgstall, **Büyük Osmanlı Tarihi,** çev. Mehmet Ata, trz., Berikan-Emir Yayınları, c. I, s. 522 ; Cânib, **"Seyyid Nesîmî ve Tuyuğları",** 12 ; Kürkçüoğlu, **Nesîmî Dîvanı'ndan Seçmeler,** V ; Gölpınarlı, Abdülbâki, **"Nesîmî" Md.,** İslâm Ansiklopedisi, İst. 1964, MEB. Basımevi, c. IX, s. 206.
[13] Hadikatis's-Selâtîn, TTK.Ktp., fotokopi,№21,vr.29a-30b.'den nak.Kürkçüoğlu, **Nesimi Dîvanı'ndan Seçmeler,v.**
[14] Âşık Çelebi, **Meşâirü'ş-Şüarâ,** TTK.Ktb., (yazmalar bölümü) nr. YI/112, s.228. Ayrıca bkz.Ali Emiri, **Esami'i Şüara-yi Amid,** Fatih Millet Ktb., Ali Emiri Efendi Kısmı,№.781/1, vr. 53a'dan nak. **Kürkçüoğlu, Nesîmî Dîvanı'ndan Seçmeler,V.**
[15] Azzâvî, **Târîhu'l-Irâk,** III, 45.
[16] Riyâdu'l-Ârifîn, s. 47'den nak. Kürkçüoğlu, Nesîmî Dîvanı'ndan Seçmeler, V.
[17] Bursalı, Osmanlı Müellifleri, II, 432 ; Kürkçüoğlu, Nesîmî Dîvanı'ndan Seçmeler, V.
[18] Kürkçüoğlu, Nesîmî Dîvanı'ndan Seçmeler, III.

системалуу куруучусу Фадлуллах тарабынан «Калыйпалык» наам берилген учурда 40-45 жаш чамасында болгондугун божомолдогондо Несиминин 740-745- 1339-1344 жылдарда төрөлгөндүгүн айтуу мүмкүн.
Несиминин өзүнүн айтуусуна караганда ал бир ырында «Хашимиям, курайшиям» деп айтып жана ошондой эле Хадикатүс- Селаатин аттуу чыгармада анын Ирактык экендиги айтылганына караганда ал Араб болушу да ыктымал. Бирок Аашык Челеби Мешаариүш-Шуаарада ал жөнүндө «Түркмааниюл-Жинс» экендигин айткан.[19] Бир тараптан алганда Несими Түрк адабиятын тилин терең өздөштүрүп түрктөшүп жана ошондой эле эне тили да Түркчө болуп калгандыгына тыянак чыгарууга болот. Несиминин бир Диванына караганда анда Фарсча жана Түркчө ырларды көрүүгө мүмкүн болуп Түркчө ырлар саны жагынан көп мааниси жагынан терең жазылганына караганда анын Түрк болушу ыктымалын дагы да күчөйтөт. Ал эми анын «Хашимиям Курайшиям» деген фразалары анын ахли-байтка болгон сүйүүсүнүн күчтүүлүгү натыйжасында айтылган болсо керек.

Несими туурасында бардык маалымат булактарына караганыбызда ал, Фадлуллах тарабынан курулган Хуруфийлик агымынын алдыңкыларынан эле болуп чектелбестен бул агымдын таасирдүү үгүттөөчүсү да болуп келген. Фадлуллах каза болгондон соң Несими жашырынууну эч кандай негиз көрбөстөн ачыктан ачык эле үгүт иштерин жүргүзүп, кала берсе «Дияр Руум» денилген Анадолуну, Иракты, Сирияны гезип, Анадолудагы биртоп бийлер менен көптөгөн адамдарды аталган агымдын сабына тарта алган жана дагы бир канча шакирт өстүргөнгө жетишкен.[20]

Анын бул иш аракети, тайманбастыгы таамайлыгы себебинен болсо керек башына көп жолу кыйынчылыктар келип кала берсе өлтүрүлүүдөн мурда жылдар бою зынданда кармалган. Бул маалыматтын дагы бир далили ирээтинде Башааратнааме аттуу китебинде Рафии, Несиминин узун жылдар бою зынданда камалгандыгын жана акырында өлтүрүлгөндүгүн баяндайт.[21]
Несимиге мындай кыйынчылык түйшүктөр эч кандай терең кайгыруу алып келген эмес. Анткени анын максаты Шейхи Фадлуллах Эстеребади менен ыйыктыкка жетүү. Балким бул дүйнөдө өлтүрүлгөндүгү үчүн шейхи менен ыйыктыкка жетпесе да Несими жанынын кыйылуусуна да керек болсо териси сыйрылса да буга эч убак алдырбаган.

Çün dilerdi hasta gönlüm vâsıl olmak yâr ile
Koy neçe soyarsa soysun bu pelîd kassâblar[22]

Несими башына келген түйшүктөрдүн себебин өзүндөгү сырды ачык айтууга байланыштырган:

[19] Kürkçüoğlu, Nesîmî Dîvanı'ndan Seçmeler, XVII.
[20] Kürkçüoğlu, Nesîmî Dîvanı'ndan Seçmeler, VI.
[21] Âşık Çelebi, Meşâirü'ş-Şüarâ, s. 289 ; Bursalı, Osmanlı Müellifleri, II, 245 ; Kürkçüoğlu, Nesîmî Dîvanı'ndan Seçmeler, VI-VII.
[22] **Nesîmî Dîvanı,** G.90/14, s. 130.

Fâş eyledim cihâna ene'l-hak rumûzunu
Doğru haberdir anun için dâra düşmüşüm[23]

Мурда да белгиленгендей Несими башына келген кыйынчылыктарга эч кандай арзы муң менен караган эмес. Анкени анын оюу боюнча бир адам өз мүдөө максаты жолунда ар кандай кыйынчылыктарга турууштук берип чыдай албаса ал өз мүдөө демилгесинė чындап ынанбаган болот. Мындай адам бир гана бир нерсеге тийиши бар бойдон эле калган адам. Төмөнкү саптар анын мындай көз карашын дагы таамай чагылдырып турат:

Derde müştâk olmayan kimdir ki dermân isteye
Kabl-i mevti bilmeyen sen sanma kim cân isteye[24]

Айтууларга караганда Несимиге ички дүйнөсүндөгү сырларын ачыкка чыгарбоо эскертилген бирок ал сабыр такатынын калбагандыгын айтып сырларын даңазалоону чечкен. Ал чындап эле Хуруфийлик үгүтүнө терең кирип кеткендиктен жан коопсуздугу жоголгон ошону менен бирге аны н күйөрман сүйгөндөрү да көбөйгөн. Себеби ырлары Хуруфийлик рамкасында кабылданып чечендиги менен угуучуларды өзүнө буруп турган. Ал эми ырларынын элге терең жетүүсүндө Фарсча жана Түркчө ортомчулук бийик ролду ойногон. Анын атак даңкы абдан бийиктерге жеткендиктен устаты Фадлуллах да анын көлөкөсүндө калгыдай чекке жеткен. Ошондуктан эгерде Несими болбогондо Хуруфийлик да кубаттуу деңгээлге жетмек эмес деген ойлор да айтылган. Анткени шейх Фадлуллах ачыкка чыгара албаган Хуруфийлик сырларын Несими ачыкча жарыя кыла алган.

Тарыхчы Хаммердин оюу боюнча Несими сырларын элге жарыя кылуу менен аят хадистерди сырткы маанисине карай чечмелеген казыларга өзүн жеңил тартуу кылуусу чоң эле дыккатсыздык болгон. Бул жагдай анын өкүнүчтүү келечегин шарттаган.[25]

Латифинин көз карашы менен караганда Несиминин өлүмүнө себеб болгон нерсе анын « Мансур айтты анал- хак, хактыр сөзү хак айтты» саптары болгон.[26]

Акырында Мухаммед Рагыб ат-Таббахтын Аламун-Нүбала би Тарихи Халебиш-Шехба аттуу чыгармасынан маалымдалышы боюнча Мисир Мамлүк Султаны Меликүл-Мүеййед төмөнкү сөздөр менен Несиминин өлүмүн тастыктаган:

«... Териси сыйрылып, эти мүчөлөрү бөлүнүп жети күн Халепте жарыя кылынгандан соң анын мүчөлөрүн бөлүк бөлүк кылып бузук ишеним ээлери болгон Дул Кадир (Зул-Кадир) уулу Али бек менен бир тууганы Насыруддинге жана Кара Юлүк Осмонго жөнөткүлө!»[27]

[23] **Nesîmî Dîvanı,** G.257/8, s. 234.

[24] **Nesîmî Dîvanı,** G.397/1, s. 320.
[25] **Nesîmî Dîvanı,** G.90/14, s. 130.
[26] **Nesîmî Dîvanı,** G.257/8, s. 234.
[27] **Nesîmî Dîvanı,** G.397/1, s. 320.

Гөлпынарлынын айтуусу боюнча анын терисинин сыйрылышы аны дагы да баатыр даңкын көтөргөн, тагыраак айтканда «жеткендердин чокусу» наамына көтөргөн. Ошондой эле Халлаж Мансур катарында көрүлүүсүнө себеб болгон. Айтор Сохбетнааме аттуу чыгармада Огланларшейхи Ибрахимге таандык болгон «Мансур жана Несими жеткендердин чокусу» деген сөз айтылат. Ал туурасында көптөгөн эскерүүлөрдүн чыгуусу да ушул себебтерге байланыштуу болгон.

**Чыгармалары жана акындыгы**

Фарсча жана Түркчө дивандары болгон Несиминин Фарсча диванынын бири түркчөгө которулуп Бакуда эки жолу жарыяланган.[28] Түркчө диваны Түркияда эски ариптер менен беш жолу,[29] жаңы түрк ариптери менен К.Едип Күркчүоглу тарабынан тандалмалар ирээтинде, ал эми биз негизги булак катарында колдонгон жана Хусейин Аян тарабынан доктордук изилдөө катары даярдалган Несими диваны жарыяланган.[30]

15-кылымдагы Түрк-Азери диалектикасы адабиятынын өстүргөн улуу мутасаввыфы атактуу акын Несими керек болсо жанын да аябаган бекем ыйманга эгедер болуусу анын ырларынын дидактикалык мааниге ээ болуусун шарттаган. Ошону менен эле биргеликте анын ырлары ушунчалык лирикалуу болуп аны окуган адам андагы пикирлерден мурда акындын чын ыкласкөйлүгүнөн таасирленүүдөн өзүн ала албайт. Ошон үчүн ар бир окурман анын ырын окуганда аны менен бирге ашыктык дүйнөсүнө кирип кетет. Мисалга алсак «Gel gel beru ki savm ü salatın kazası var/Sensiz geçen zaman-ı hayatın zamanı yok» саптарындагы толкундануу сезимдерин сезбей койо албайсың. Несими Ирандык бардык акындарды окуп таанып билген эч такалбастан Арапча жана Фарсча ырдагыдай жетик акын болгон. Ал ашыктык ырлар боюнча Шираздык Садини да ырахаттандыра ала тургандыгын «Çün söze gelip aşk sözün kılsa Nesimi/Zevkından anun cuşa gelir Sadî-i Şirâz» саптары аркылуу жар салат. Анын акындык талантын жогору баалаган А.Гөлпынарлынын көз карашы менен алганда Несимиде Мевланадан башкасынын таасири көрүлбөйт бул абал анын дагы бир жолу улуулугун чагылдырып турат.[31]

Анын ылары өтө дидактикалуу жана лирикалык болушу менен бирге жупунулугу менен да адамдын көңүлүн бурат.[32] Несими ырларында диний ишенимин чагылдыруу менен кошо ар кандай сүйүү темаларында да ырлар жазган.[33] Анын Диванында Иран адабиятына жат болгон Түрк ырларынын негизин курган Туйугдардын байкалышы орчундуу мааниге ээ.[34] Түрктөргө таандык башка формасы болгон «Туйуг» калемге алуусу менен акындыгын

---

[28] Azzâvî, **Târîhu'l-Irâk,** III, 51 ; İbnü'l-Imâd, Ebu'l-Felâh Abdülhayy, **Şezerâtü'z-Zeheb fî Ahbâri men Zeheb,** Beyrut, trz., el-Mektebü't-Ticârî, c. VII, s. 144 ; Gölpınarlı, **"Nesîmî" Md.,** IX, 206 ; Kürkçüoğlu, **Nesîmî Dîvanı'ndan Seçmeler,** XIX.

[29] Bkz. Hammer, **Osmanlı Tarihi,** I, 522.

[30] Lâtîfî, **Tezkire,** 135a

[31] Tabbâh, Muhammed Râgıb el-Halebî, **A'lâmü'n-Nübelâ bi Târîhi Halebi'ş-Şehbâ,** II. Bsk., Haleb 1988, Dâru'l-Kalem, c. III, s. 15-16 ; Kürkçüoğlu, **Nesîmî Dîvanı'ndan Seçmeler,** XVII ; Gölpınarlı, **"Nesîmî" Md.,** IX, 207 ; Aşık Çelebi, **Meşâirü'ş-Şüarâ,** 289.

[32] Gölpınarlı, **Nesimi-Usuli-Ruhi Hayatı, Sanatı, Şiirleri,** İst. 1953. Varlık Yayınları. s. 6.

[33] Bu Dîvanların yazma ve matbu nüshaları hakkında geniş bilgi ve tanıtımlar için bkz. Kürkçüoğlu, **Nesîmî Dîvanı'ndan Seçmeler,** XXVI-XXIX ; Gölpınarlı, **"Nesîmî" Md.** IX, 207. Ayrıca bkz. Bursalı, **Osmanlı Müellifleri,** II, 245.

[34] **Nesîmî-Dîvan,** haz. Hamid Mehemedzâde, Bakı 1970, ; **İmâdeddin Nesîmî-Farsça Dîvan,** red. Ekrem Cafer, Bakı 1972.

дагы да өзгөчөлөнтүп турат.[35] Айтор «Туйуг» Ирандан бизге өткөн жана Диван адабиятына Түрктөр тарабынан кошулган ыр формасы болуп саналат. Туйуг, Чагатай жана Азери акындарда көрүлүүсү менен биргеликте, Анадолу акындарында байкалбаган ыр формасына кирет.[36]

Несиминин көпчүлүк тарабынан кабылданышы анын тууроочуларынын да чыгуусуна себеб болгон. Бирок аны тууураган ырлар менен өзүнүн нукура ырлары арасындагы айырма ачык эле байкалып тургандыгын адистер белгилешкен.[37]

Несими Азери түркчөсүнө чыныгы бир калып салуу менен биргеликте ырларында Арабча жана Фарсча сөздөрдүн ордуна эски Түрк элементтерин жайгаштырууга аракет жасаган. Түркмани жана Анадолу диалектикасында ырлар жазуу менен ал элдердин симпатиясын ала алган.[38]

Несими Фадлуллохтун жетекчилинде бир Хуруфий мүчөсү болуу менен бирге Фадлуллах жана Иран Хуруфийлеринин көз караштарынан дагы да туруктуу системалуулугу менен бөлүнүп турат. Айтор ал өз доорун карамагына алган вахдети вужут жана башка мистикалык теорияларды чындап жашаган заманынын алдында болгон акын. Ал Куран ахлагын коргогон, көз караш түшүнүктөрүн Исламий терминдер менен айткан, вахдети вужутка көңүл койгон улуу ойчул акын. Анын бул өзгөчөлүгү өзүнөн кийин келген Усули,[39] Пенахи, Теманнаи жана Вирани[40] сыяктуу акындардын таасирленишине өбөлгө болгон.[41] Бул жерде белгилей кетүү керек Несиминин Куран ахлагын коргошу, көз караштарын Ислам терминдери менен жазуусу аны Ислам солунда жер алуусуна терс эмес. Анткени мистикалык (батыни) көз караштa болгон адам да түшүнүктөрүн кеңири Ислам терминдери менен чагылдырышы универсалдуу болгон Куран ахлагын коргоодо.

Натыйжада Несими табигый түрдө Хуруфийликтин бардык мүнөздөрүн өзүнө камтыган ар бир мүмкүнчүлүктө аны даңазалап жайууну милдет кылган зат болуп саналат. Бул макала чегинде бирөөсү туурасында кеп кылсак, мисалы Хуруфийликтин «үн» жана «сөз» түшүнүктөрүнө токтоло

[35] Dârü't-Tıbâati'l-Âmire Matbaası, İst., 1260 ; Tasvîr-i Efkâr Matbaası, İst., 1286 ; Ahter Matbaası, İst., 1298. Bunlardan başka biri 1286 tarihli, basım yeri belli olmayan, öteki de hem basıldığı yer, hem de basıldığı tarihi olmayan taşbaskı usûlüyle yapılmış iki baskısı daha vardır.

[36] Dîvanları hakkında bilgi için ayrıca bkz. Bkz. Köksal, M. Fatih, **"Seyyid Nesîmî'nin Bilinmeyen Tuyuğları"**, Journal of Turkish Studies (Türklük Bilgisi Araştırmaları,) ed. Şinasi Tekin ; Gönül Alpaytekin, Vol. 24/I, 2000, p. 187.

[37] Bkz. Gönensay, Türk Edebiyatı Tarihi, 92

[38] **Nesîmî Dîvanı,** G.180/4, s. 187.

[39] Bkz. Gölpınarlı, **Nesimi, Usuli,** 9 ; Timurtaş, Faruk. K., **"Türk Edebiyatı -XII. Asır Ortasına Kadar-"**, Türk Dünyası El Kitabı, Ank. 1976, s. 420 ; Cânib, **"Seyyid Nesîmî ve Tuyuğları"**, 13 ; Gönensay, Hıfzı Tevfik ve diğerleri, **Türk Edebiyatı Numuneleri,** İst. 1926, Milli Matbaa. c. I, s. 101 ; Ulusoy, A. Celâlettin, **Yedi Ulu'lar,** Ank. 1990, Ajans Türk Matbaası, s. 9.

[40] Mansuroğlu, Mecdut, **Türk Edebiyatı,** çev. Muhammed Yelten, İslâm Düşüncesi Tarihi adlı derleme içinde, ed. M.M.Şerif, c.III, s. 282 ; Bursalı, **Osmanlı Müellifleri,** II, 245.

[41] Gölpınarlı, **"Nesîmî" Md.,** IX, 207

кетсек болот: Несиминин ою боюнча Теңир, күнтү кенз (жашырын казына)[42] учурунда чексиз сулуулугун ачыкка чыгарууну каалаган, ушундан соң махлуктарды жараткан. Ошондуктан адам бул ааламда Теңирдин бар экендигин билүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп анын сулуулугун көргөзө ала турган абалда болгон. Инсанды ортого чыгарган бул үн болуп, ал инсанда сөз түрүндө жүзөгө ашырылат.[43]

Несиминин Ахли-Байт байланышы

Сөз башында белгилеп койуучу нерсе, Несими өзүн Алеви коомчулугунун бир мүчөсү катарында көрөт жана муну ар мүмкүнчүлүктө жарыя кылуу менен Али жана анын балдарына сүйүү арткан күйөрманы экендигин айтуудан эч тайманбайт:

Ben ol sâdık-ı kavlim ki Ca'ferîyim
Hakîkat söylerim Hak Hayderîyim[44]
Kimim ben ki olam muhibb-i evlâd
Velî gerçek muhibler çâkeriyim[45]

Несими бул сүйүү үчүн көптөгөн нерселерди башынан өткөргөнүн жана бул сүйүүнү ачык айкын жарыя кылуунун биртоп кыйынчылыгы болуусу менен Ахли-Байт сүйүүсү болгон адам өз жанын да коркунучка сала тургандыгын белгилеген:

Kim muhibb-i hânedâna bende oldu sıdk ile
Oynadı başını şâh-ı evliyânın aşkına[46]
Şâhımın aşkı durur gönlüm içinde der-ezel
Kün fekândan geçmişim Âl-i âbânın aşkına[47]

Айтор мурдатан эле бул ишеним түшүнүктө болгон Несими, өзүн ахли-байтка кул катары көргөн. Анткени мындай болууга муктаж да экендигин мындайча айтат:

Ezelden kul olan Âl-i âbâya
Nesîmî tek gedâ-yı bî-nevâdır[48]

Ахли-Байт сүйүүсүн барындырбаган адамдын Хижаз же Исфаханда болуусу маанилүү эмес. Себеби алардын дүйнө жана акырет азыгы жок насипсиз инсандар:

Эмне кылууну билбеген адамдарга Несими Аз.Али жана балдарынын жолуна түшүүсүн насаат берет. Себеби Али, ар кандай улуулуктун булагы болуп саналат:

Gözün aç gör kim ey tâlib Alîdir her kân-ı server
Muhammed aşk ile deryâ Alîdir kıymeti gevher[49]
Lâ fetâ illâ Alî nin ma'nisin fehm eyleyen

---

[42] Bkz. Mansuroğlu, **Türk Edebiyatı**, III, 282.
[43] Gönensay, Türk Edebiyatı Tarihi, 93 ; Köksal,"Seyyid Nesîmî'nin Bilinmeyen Tuyuğları", 187.
[44] **Nesîmî Divanı**, Gazeller 288, Beyt: 13, s. 252.
[45] **Nesîmî Divanı**, Gazeller 288, Beyt: 1, s. 253.
[46] **Nesîmî Divanı**, Gazeller 387, Beyt: 6, s. 315
[47] **Nesîmî Divanı**, Gazeller 387, Beyt: 4, s. 315.
[48] **Nesîmî Divanı**, Gazeller 52, Beyt: 11, s. 110
[49] **Nesîmî Divanı**, Gazeller 68, Beyt: 16, s. 116.

Çağrışır ol kim Aliyyü'l-Mürtazânın aşkına[50]
Dahi evlâdınâ selâm eyle!
Ana-gör kim sanâ seâdetdür[51]

Керек болсо адамдар жашоосунун максат маңызы Ахли-Байтка жакын болуу деп билүү зарыл мында эч кандай күмөн санабаш лаазым. Анткени бардык тилек кылынган сүйүүлөр Мухаммед (с.а.в.) менен Алинин сүйүүсүнө муктаж:

Ma'den-i sıdk u safâ vü hem yine lutf u kerem
Hem sadefin cevherîsiz yâ Muhammed yâ Alî[52]
Bu fakîr-i bî-nevâ sizden umar her dem devâ
Lutf ile ihsân verisiz yâ Muhammed yâ Alî[53]
Bu Nesîmî pür-zebândır vasfınızda neylesin
Gece gündüz sözlerisiz yâ Muhammed yâ Alî[54]
Ol Fâtıma Zehrâ Hasan maksûd Huseynî olasan
Maksûd-ı ömrün bilesen ola yakınün bî-gümân[55]

Несимиде Ахли-байт термини жана мотифтери

Несими ырларында Ахли-байт терминининин ордуна ханедан жана аали ааба сөздөрүн колдонуу менен Ахли-байт түшүнүк жана маданиятын чагылдырган көптөгөн терминдерди пайдаланып салттык түрдө Алевилик портретин чыгарууда.

Али мотифи

Несиминин көз карашы боюнча ишеним менен сүйүү өз ара ажырабай турган нерселер болуп саналат. Ал бул ишеними үчүн керек болсо жанын да аябастыгын билүүгө болот. Несими Ахли-байт туурасында айрыкча Аз.Алиге терең сүйүү менен караган. Аз.Алини сүйүү Аз.Мухаммед менен теңдикте болуусу лаазымдыгын муну кылбагандар каргышка калаарын, анткени Пайгамбардын Аз.Алиге этиң менин этим, бедениң менин беденим дегендигин айткан.

Kim Muhammed'i Alîden ayırır la'net ana
Lahmike lahmî değil mi yâ Alî senden meded[56]

Аз.Али Несиминин ою боюнча Аз.Мусанын чөлдө көргөн Алланын аны менен сүйлөшүүсү үчүн жай болгон от Аз.Мусанын аасасы деңгээлинде. Аз.Али периштелер ааламынын гүл бакчасы; Юнус пайгамбар кирген деңиз, ал курсагына кирген балык; бардык пайгамбарлардын орозосу, майрамы, башталышы, аягы; анын оозунан чыккан ар бир сөз бүткүл ааламдын жакшылыгына тете; Аз.Адамдын бетиндеки сызыктар бар болсо « жаш жигит Али болот, керек болсо Зулфикар кылычы болот». Ушундай

---

[50] **Nesîmî Divanı,** Gazeller 387, Beyt: 2, s. 315.
[51] Kürkçüoğlu, **Seyyid Nesîmî Dîvânından Seçmeler,** 332, 103 Gazel, 12. Beyit.
[52] **Nesîmî Divanı,** Gazeller 429, Beyt: 16, s. 340.
[53] **Nesîmî Divanı,** Gazeller 429, Beyt: 17, s. 340.
[54] **Nesîmî Divanı,** Gazeller 429, Beyt: 1, s. 341.
[55] **Nesîmî Divanı,** Gazeller 339, Beyt: 2, s. 287.
[56] **Nesîmî Divanı,** Gazeller 38, Beyt: 10, s. 99.

маанилерди туюнткан Лаа фета Иллаа Али, Лаа сейфе Иллаа зул-фекар деген сөздөрдү жар салган.[57]

Nâr-ı Mûsâ vü asâdır şâh Alî
Âfitâb-ı Kibriyâdır şâh Ali
Âyet-i Hak nümâdır şâh Alî
İbtidâ vü intihâdır şâh Alî[58]

Gülsitân-ı melekûttur şâh Alî
Şîr-i kûh-ı ceberûttur şâh Alî
Yûnus u deryâ vü hûttur şâh Alî
Hem 'asâ Mûsî dûddur şâh Alî[59]

Enbiyânın savm ı ıydı ey fülân
Şâh Alîdir bil hakîkat bî-gümân
Neçe rûz u sitte eyyâm u kamu
Şâh Alîdir şâh Alî tahkîk inan[60]
Âdeme verdi kerâmet huld ü cennâtü'n-na'îm
Cümle ana secde kıldı gayrü şeytâni'r-racîm
Âdemin vechinde yedi hattı yazmıştı kadîm
Lâ fetâ illâ Ali lâ-seyfe illâ zü'l-fekâr[61]

Nûruna kıldı nazar ol hâlik-ı perverdigâr
Âba döndü derdim ol hayretten oldu târumâr
Ol nûrun kandiline yazmıştı der-rûz-ı şumâr
Lâ fetâ illâ Ali lâ-seyfe illâ zü'l-fekâr [62]

Kerrem-Allâhü vechehû ki Alî
Ne ki dîdî cihânda hidmetdür[63]

Sâkıyâ bir cür'a sun ehl-i safânın aşkına
Sâkî-i Kevser Aliyyü'l-Mürtezânın aşkına[64]

Аз.Али Алланын өз нурунан жаратылган, Анын кудрат жана сырыдыр, ошон үчүн Несими Алинин оту менен жанган:

Hak Te'âlâ öz nûrundan hoş yaratmış şâhımı
Kudret ü sırr-ı Hudâsın yâ Alî senden meded[65]

---

[57] **Nesîmî Divanı,** Gazeller 52, Beyt: 9, s. 110
[58] **Nesîmî Divanı,** Tuyuğlar 302, s. 434.
[59] **Nesîmî Divanı,** Tuyuğlar 303, s. 434.
[60] **Nesîmî Divanı,** Tuyuğlar 258, s. 426.
[61] **Nesîmî Divanı,** Murabbalar 5, s. 366.
[62] **Nesîmî Divanı,** Murabbalar 1, s. 366. Benzer figürlü diğer murabbalar için de bkz. s.366-367.
[63] Kürkçüoğlu, **Seyyid Nesîmî Dîvânından Seçmeler,** 332, 103 Gazel, 10. Beyit ; **Nesîmî Divanı,** Gazeller 105, Beyt: 7, s. 141.
[64] **Nesîmî Divanı,** Gazeller 387, Beyt: 16, s. 314.
[65] **Nesîmî Divanı,** Gazeller 38, Beyt: 11, s. 99.

Aşk ile yandı vücûdum yâ Alî senden meded
Bir fakîr-i derd-mendim yâ Alî senden meded[66]

Sen bana lutf u keremden derdime bir çâre kıl
Şâh sensin ben gedâyım yâ Alî senden meded[67]

Bende-i hulk-ı Hasan oldum ezelden tâ-ebed
Nûr-ı ayn-ı Mustafâsın yâ Alî senden meded[68]

Her Receb ayında her yıl neçe mu'ciz gösterir
Şâh Hüseynin sandığıdan yâ Alî senden meded[69]

Bir tavâf-ı ka'be-i Şâh-ı Horasan eyle bil
Hacc-ı Ekber hac yazıldı yâ Alî senden meded[70]

Ey Nesîmî sen şikeste Haktan istersen murâd
Cür'a-i tevhîdi içgil yâ Alî senden meded[71]

Несиминин көз карашына караганда Аз.Али улуу даражага эгедер; бул даражада Аз.Мухаммед илимдин булагы болсо Аз.Али анын ааламга таркалуусу, түшүндүрүлүүсүн мойнуна алган. Башкача айтканда нутку беяны болот. Дүйнөдөгү бардык иштер Алинин уруксаты буйругу менен ишке ашат. Айтор ал башталгыч, ал акыры, ал жарыя, ал купуя Илахтык көрүнүшкө эгедер. Ал бир, эч кимге муктаж эмес:

Muhammed ilme kân oldu Alî nutk-ı beyân oldu
